| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

VIII чакырылышындагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин I уюштуруу сессиясынын жыйынынын

# Т О К Т О М У

2024-жылдын 26 - ноябры, № 1/6 Ылай-Талаа айылы.

**2024-жылдын 20-декабрында Бишкек шаарында өтө турган кезектеги III Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча айыл аймагында боло турган жыйындардын графигин, жумушчу комиссиянын курамын жана жыйындарга жооптуу депутаттарды бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 7-беренесинин 2- "Элдик Курултайдын укуктук статусу жөнүндө" бөлүгүн, Элдик Курултайды өткөрүү жана ишти координациялоо боюнча уюштуруу комитетинин 2023-жылдын 16-декабрындагы № 16 чечимин жетекчиликке алып Ылай-Талаа аймагынын айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

I. Ылай-Талаа айыл аймагындагы айылдардан элдик өкүлчүлүктүү жыйынга катыша турган өкүлдөрдүн төмөндөгү сандык курамы бекитилсин:

1. Ылай-Талаа айылынан – 35 өкүл,
2. Токбай-Талаа айылынан – 25 өкүл,
2. Сай айылынан – 10 өкүл,
3. Шаркыратма айылынан – 5 өкүл,
4. Жылкол айылынан – 5 өкүл,
5. Сары-Таш айылынан – 5 өкүл,
6. Орто-Талаа айылынан – 5 өкүл,
7. Буйга айылынан – 5 өкүл,
8. Беш-Кемпир айылынан – 5 өкүл.

**Жалпы: 100 өкүл.**

II. Ылай-Талаа айыл аймагындагы айылдардан элдик өкүлчүлүктүү жыйынга өкүлдөрдү көрсөтүү жана III Элдик Курултайга делегаттарды шайлоолорду өткөрүүгө байланыштуу тиешелүү иш-аракеттерди камсыздоо боюнча жумушчу комиссиянын курамы № 1 тиркемеге ылайык бекитилсин (№ 1 тиркеме тиркелет).

III. Жыйындарды өткөрүүнүн графиги жана жыйындарды өткөрүү үчүн жооптуу депутаттар № 2 тиркемеге ылайык бекитилсин (№ 2 тиркеме тиркелет).

IV. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин "Мыйзамдуулук, укук тартиби, маданият, билим берүү, саламаттыкты сактоо, кеңештердин иштери, депутаттык этика, коомдук уюмдардын, саясий партиялардын жана дин иштери боюнча" туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.Мойдунов**

Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык
Кеңешинин 26.11.2024-жылдагы № 1/6
токтомуна № 1 тиркеме

**Ылай-Талаа айыл аймагындагы айылдардан элдик өкүлчүлүктүү жыйынга өкүлдөрдү көрсөтүү жана кезектеги III Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо тууралуу тиешелүү иш-аракеттерди камсыздоо боюнча жумушчу комиссиянын курамы:**

1.Мойдунов Абдумалик Сатарович -- Ылай-Талаа айылдык кенешинин төрагасы, жумушчу комиссиянын төрагасы;

2.Осмоналиев Сулайман Калилжанович – Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин жооптуу катчысы, жумушчу комиссиянын катчысы;

3.Эшейбай уулу Айбек – № 2 – 5 мандаттуу Ылай-Талаа шайлоо округунан депутат, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

4.Мидинов Таалайбек Абдуракманович – № 1 – 5 мандаттуу Каманчы шайлоо округунан депутат, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

5.Асанов Жамшитбек Асанович – ардагерлер кеңешинин төрагасы, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

6.Жорубаева Сулуукан Токтобековна– аялдар кеңешинин төрайымы, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

7.Шүкоев Бактыбек – № 4 – 8 мандаттуу Токбай-Талаа шайлоо округунан депутат, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

8.Райымкулов Марс Камчыбекович – № 3 – 3 мандаттуу Сай шайлоо округунан депутат, жумушчу комиссиянын мүчөсү;

9.Ысмаилова Гүлмира Тойкуловна – № 4 – 8 мандаттуу Токбай-Талаа шайлоо округунан депутат, жумушчу комиссиянын мүчөсү.

**Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык**
**Кеңешинин жооптуу катчысы: С.Осмоналиев**

Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин 26.11.2024-жылдагы № 1/6 токтомуна № 2 тиркеме

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**

Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы: _______Б.Эргешбаев

**БЕКИТИЛДИ:**

Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин төрагасы: _______ А.Мойдунов

Ылай-Талаа айыл аймагындагы айылдардан элдик өкүлдүктүү жыйынга өкүлдөрдү көрсөтүү жана кезектеги III Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча жергиликтүү жамааттардын жыйындарын өткөрүүнүн

**ГРАФИГИ**

| № | Айылдардын аталышы | Күнү, убактысы | Өтө турган жери | Жооптуу кызматкерлер | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Сай | 2-декабрь, 12-00 | М.Баатыров мектебинде | А.Сыдыков, К.Абдыраимова | |
| 2 | Шаркыратма | 3-декабрь, 12-00 | Ж.Айтбаев мектебинде | Б.Майлыбашов, Ж.Жалил уулу | |
| 3 | Жылкол | 3-декабрь, 12-00 | Ж.Ибраимов мектебинде | К.Исаков, Т.Адыкова | |
| 4 | Сары-Таш | 3-декабрь, 12-00 | Айылдагы мечиттин жаны | А.Саткынбаев, | |
| 5 | Токбай-Талаа | 2-декабрь, 12-00 | Айылдагы мечиттин жаны | К.Эргешов | |
| 6 | Орто-Талаа | 2-декабрь, 12-00 | Айылдагы Намазкананын жаны | М.Сарыбаев | |
| 7 | Буйга | 2-декабрь, 12-00 | Айылдагы мечиттин жаны | Т.Мырзакматов | |
| 8 | Беш-Кемпир | 3-декабрь, 12-00 | Ж.Абидинов мектебинде | Т.Мырзакматов Т.Абдыкадыров | |
| 9 | Ылай-Талаа, бөлүмдөрдө | 2-декабрь, 12-00 | Айылдагы жамааттын мечиттеринин жаны | Б.Майлыбашов, К.Исаков, Т.Саткынбаев | |
| | | | | | |
| **5** | **Ылай-Талаа** | **7-декабрь, 10-00** | **К.Ташбаев атындагы айылдык клубда** | **К.Исаков, Б.Саипова** | |
| | | | | | |

**Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин жооптуу катчысы:** **С.Османалиев**